БЕКИТЕМИН
Мектеп директору
_______ Абдыразакова А.А
“ ___ ” ______ 2022 жыл.

**“Аскерге чейинки даярдоо” окуу курсу боюнча мугалими**

**1.Кызматтык милдеттери:**

- “Аскерге чейинки даярдоо” окуу курсу боюнча окутуу жана класстан тышкары сабактарын пландаштырып, жогорку илимий –тажрыйбалык жана усулдук деңгээлде өтөт;
- Окуучулардын жетишкендиктерин жана сабакка катышууларын эсепке алат;
- Окуучулардын окутуу- тарбиялоо иштеринин үзүрлүү тариздерин, усулдарын жана каражаттарын сунуштап, киргизет;
- Окуучу уландардын өздүк сапаттарын жана жеке өзгөчөлүктөрүн изилдеп, аларды Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө кызмат өтөөгө даярдайт;
- Аскер ишинин негиздерин окутуучу ийримдерди жетектейт жана аскердик-спорттук оюндарын өткөрүүнү уюштурат;
- Окуучуларды атуулдук тарбиялоо иш- чараларын пландаштырууга жана жүргүзүүгө активдүү катышат;
- Аскердик бөлүк менен бирдикте окуучуларга атуулдук билим берүү маселелери боюнча кызматташууну уюштурат;
- “Аскерге чейин даярдоо” курсу боюнча окутуу- материалдык базасын түзүп, өнүктүрөт;
- Аскердик – техникалык окутуу каражаттарын колдонуп, сабак өткөндө коопсуздук иш- чараларын колдонууну камсыз кылат;
- Кабыл алынган тариздеги отчетторду түзөт.

**2.Билиш керек:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикаларын;
- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” жана “Мугалимдин статусу жөнүндө” Мыйзамдарын жана окуучуларды аскерге чейинки жана атуулдук тарбиялоо боюнча ченемдик- укуктук документтерин;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин;
- Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Уставын жана нускамаларын;
- Аскердик- техникалык окутуу каражаттарын;
- Аскерге чейин даярдоонун тариздерин жана усулдарын;
- Педагогиканын жана психологиянын негиздерин;
- Окутуу- отчеттук документацияны толтуруунун таризин жана тартибин;
- Техникалык коопсуздуктун жана өрткө каршы сактануунун , окуучулардын жашоосун жана ден- соолугун коргоонун эрежелерин.

**3.Дасыктык талаптар:**

Орто атайын ( аскердик) жана жогорку атайын ( аскердик) билими, иштеген стажысына талап коюлбайт же атайын ( аскердик) даярдыгы болуш

Кызматтык милдетим менен тааныштым: